Усулдук кеңешмеде каралды

«28» 08. 2020

БЕКИТЕМИН

№84жалпы орто берүү орто мектебинин директору

Иманалиева Д.К

«4» 09 20г.

# Факультативдик сабактар жөнүндө

## Жобо

1. **Жалпы жоболор:**
   - Факультативдик сабак окуучунун сабакка болгон кызыгуусун, зарылчылыгын, шыгын канааттандырыш үчүн уюштурулат.
   - Факултативдик сабактардын багыты мектептин окутуу жана тарбиялоо маселелери, ошондой эле окуучулардын, ата-энелердин талабы боюнча аныкталат.
   - Факультативдик сабак окуучуга төмөндөгү мүмкүнчүлүктөрдү түзөт:

   предмет боюнча билимин тереңдетүү,толуктоо;
   өз алдынча билим алууга көнүгүү;
   чыгармачылыгын өстүрүү;
   тандаган багыт боюнча маалыматты кеңири алууга;
   келечектеги кесипти маанисин түшүнүп тандоого;
2. **Факультативдик сабактарды өтүү тартиби**:
   - Факультативдер сабактан тышкары убакытта атайын түзүлгөн жүгүртмө боюнча өтүлөт;
   - Факультативдик сабактардын тизмеси жана сааттары директор тарабынан буйрук менен аныкталат;
   - Жумасына 1 же 2 саат (программада каралган сааттардын көлөмү боюнча) өтүлөт;
   - Факультативдердин өтүлүшүн, программалардын аткарылышын ОТИ боюнча диретордун орун басары көзөмөлдөйт;
   - Факультативге окуучулар өз ыктыяры менен катышышат, эгерде сабактардын жүгүртмөсү боюнча мүмкүнчүлүк болсо 2 факультативге катышса болот (2 ден ашык эмес);
   - Бир предмет боюнча факультативдик алып барган мугалим окуучулардын катышуусуна жооптуу;
   - факультативди алып барган мугалимге шыктандыруу тутумунун алкагынан айлык акы төлөнөт.
3. **Факультативдик сабактардын иш кагаздары:**
   - Факультативдик сабактардын журналы;
   - Факультативдик алып барган ар бир мугалим программа боюнча иш алып баруусу зарыл;
   - Факультативдин программасы усулдук бирикмеде каралып, мектеп директору тарабынан бекитилет;
   - Факультативдик программасы төмөнкүлөрдү камтыйт:
     Факультативдин максатын жана милдетин чагылдырган түшүндүрмө кат;

Сабактардын тематикасын;
Колдонулган адабияттардын тизмеси;
Факультативдин жүгүртмөсүн;
Окуучулардын тизмесин;

4. **Факультативдик сабактардын журналы өз убагында мугалим тарабынан толтурулушу зарыл.**
5. **Факультативдик сабактагы балоо:**
   - Мугалим баалоонун ар кандай формаларын жана усулдарын колдонсо болот (ооз эки суроо,тест,жазуу иштери,изилдөөчүлүк,чыгармачылык долбоорлор ж.б.);
   - Окуучуга баа коюу милдетүү эмес;
   - Окуучунун күндөлүгүнө факультативдин жыйынтык көрсөткүчү катары жазуу түрүндө «зачет», «эң жакшы», «жакшы», «канааттандыраарлык» белгиси.

Тааныштым: ____________